*Садырбек уулу А.*

# КЫЛМЫШ-ЖАЗА ЖООПКЕРЧИЛИГИ ЮРИДИКАЛЫК ЖООПКЕРЧИЛИКТИН БИР ТҮРҮ КАТАРЫ

*Садырбек уулу А.*

# УГОЛОВНАЯ ОТВЕТСТВЕННОСТЬ КАК РАЗНОВИДНОСТЬ ЮРИДИЧЕСКОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТИ

*Sadyrbek uulu A.*

# CRIMINAL LIABILITY AS A FORM OF LEGAL LIABILITY

*УДК: 340.34/03*

*Бул макалада жалпы укуктук усулдар аркылуу юридикалык жоопкерчиликтин бир түрү катары каралган кылмыш-жаза жоопкерчилиги каралган. Кылмыш жаза жоопкерчилигинин мазмундук жактарын изилдөөдө ага усулдук жактан жандашууда юридикалык жоопкерчилик институту менен чогуу кароого алынган. Юридикалык жоопкерчиликтин түшүнүк аппараттарын кароо менен бирдикте анын мазмундук жактары талдоого алынып жалпылаштырылган мүнөздүү белгилери чагылдырылган. Ошону менен бирдикте юридикалык жоопкерчиликтеги жалпы мүнөздүү белгилердин кылмыш-жаза жоопкерчилигинде да орун алуусу талдоого алынган. Кылмыш-жаза жоопкерчилиги азыркы мезгилдеги кылмыш-укуктук реформалар контексинде каралып жаңы пайда болгон жоруктар үчүн жоопкерчилик менен чогуу каралган. Кылмыш жаза жоопкерчилигин ишке ашыруу механизминде өз алдынча элементтер жана баскычтар аркылуу берилип мүнөздөлгөн. Кылмыш-жаза жоопкерчилиги сыпатталган.*

***Негизги сөздөр:*** *жоопкерчилик, юридикалык жоопкерчилик, кылмыш-жаза жоопкерчилиги, механизм, жоруктар, коомго коркунучтуулук.*

*В данной статье на основе общенаучных методов познания рассмотрены вопросы уголовно-правовой ответственности как разновидность юридической ответственности. При исследовании содержательных сторон уголовно-правовой ответственности сделан методологический подход рассмотрения уголовной ответственности вместе институтом юридической ответственности. Рассмотрены понятийные аппараты юридической ответственности, его содержательные стороны, его характерные признаки. Наравне с этим проанализированы наиболее характерные признаки уголовной ответственности с присущими признаками в юридической ответственности. Уголовная ответственность рассмотрено в контексте уголовно-правовых реформ в частности с ответственностью за «уголовные проступки». При рассмотрении механизма реализации уголовной ответственности оно характеризовано с помощью самостоятельных элементов, его стадий Обобщены наиболее характерные признаки уголовной ответственности.*

***Ключевые слова****; ответственность, юридическая ответственность, уголовная ответственность, механизм, проступки, общественная опасность.*

*In this article, on the basis of general scientific methods of knowledge, the issues of criminal liability are considered as a type of legal liability. In the study of the substantive aspects of criminal liability, a methodological approach has been made to the consideration of criminal responsibility together with the institution of legal responsibility. The conceptual apparatuses of legal responsibility, its substantive aspects, its characteristic features are considered. Along with this, the most characteristic signs of criminal responsibility with inherent features in legal liability are analyzed. Criminal liability is considered in the context of criminal law reforms, in particular, with responsibility for "criminal offenses". When considering the mechanism for the implementation of criminal responsibility, it is characterized by using separate elements, its stages summarized the most characteristic signs of criminal responsibility.*

***Key words:*** *liability, legal liability, criminal liability, mechanism, misconduct, social danger.*

Коомдук мамилелерди жөнгө салууда кылмыш-жаза жоопкерчилик институту чоң кызмат аткарат. Акыркы учурдагы кылмыш укуктук реформалар кылмыш жаза жоопкерчилигин дифференциялоо менен жаңы кылмыш жорук жоопкерчилигин орнотту. Бул нерсеге Кыргыз Республикасынын «Жоруктар жөнүндө» кодекси саналат [1].

Мыйзам тарабынан коргоого алынган коомдук мамилелерди бузуучу жактар аныкталган чектөөлөргө, же ажыратууларга дуушар болот.

Тийиштүү тартипсиз бекем коомдук тартипти орнотпой туруп укуктуу мамлекетти курууга болбойт. Кылмыш укуктук жоопкерчилик институту бул максаттарга жетүү үчүн натыйжалуу каражаттардын бири болуп саналат. Кылмыш укуктук жоопкерчилик концепциясын анализдөө алардын юридикалык жоопкерчиликтин башка түрлөрү менен катышын аныктоо акыркынын маңызын ачуусуз мүмкүн эмес. Илимий жгртдө юридикалык жоопкерчилик социалдык жоопкерчиликтин тутумундагы бир институт катары таанылып мамлекеттик мажбурлоонун коштолуусу менен башка жоопкерчиликтен айрымаланат.

Юридикалык жоопкерчилик боюнча окумуштуулардын ой чабытттары бир канча талаш тартыштуу болуп, бул нерсе азыркы мезгил үчүн да мнөздүү.

Илимий адабияттарда «жоопкерчилик» түшүнүгү социалдык категория катары гана таанылбастан психологиялык категория катары таанылат. Бул өз кезегинде коомдун мүчөлөрү тарабынан өзүнүн милдетин аңдап билүүсүн түшүндүрөт: «Жоопкерчилик – бул адамдын өзнүнүн ишмердүүлүгүнүн натыйжасын көрө биле алгандыгы, анын натыйжасында ал коомго кандай пайдалуу, же зыяндуу натыйжаларды алып келүүсүн аныктайт» [2, 52-б].

Жоопкерчиликтин маңызын ачып берүү менен белгилей кетчү нерсе бул кубулуштун негизин абийр жана карыз түзөт. Изилдөөчү Г.Смирновдун оюу боюнча, жоопкерчилик «бул тандоону, чечимди, жосунду, коомго пайда, же зыян алып келүүсүн баалоо. Жоопкерчиликтүү болуу – өзүнүн аракеттеринин натыйжасын көрө билүү дегендик, өзүнүн аракеттеринде элдин кызыкчылыктарын, коомдун прогрессивдүү өнүгүшүн жетекчиликке алуу» [3, 62-б.].

Биздин оюбузча «жоопкерчилик» категориясы социалдык механизм өзүнүн маани-маңызын толук кандуу камтыбайт. Бул жерде айта кетүү орундуу «жоопкерчилик» – эгерде ал мамлекет тарабынан адамга берилсе тийиштүү ченемдик укук же милдеттерди аткарбагандыгы үчүн берилүүчү чара катары кароого болот. Бул өз кезегинде коомго зыяндуу аракеттерди алдын алуу коом тарабынан укук бузуучуга таасир этүү максатын көздөйт.

Юридикалык жоопкерчилик институту – маңызы, түшүнүгү, мазмуну боюнча татаал укуктук кубулуш катары юридикалык илимде ал боюнча талаш-тартыштар бир канча көп жаралууда.

Азыркы мезгилде «юридикалык жоопкерчилик» бир канча кеңири аспектиде түшүнүүгө далалат кылынууда – аны субъект тарабынан өзүнүнү алып жүрүүсүн, анын натыйжаларын, социалдык маанисин укуктук чөйрөдө аңдап билүүсү катары аныктоодо. Жоопкерчилик кайсыл бир аракеттерди экинчи же үчүнчү жактарга карата жасоо менен коштолуп, экинчи жагынан мажбурлоо чараларын колдонуучу ыйгарым укукка ээ болгон өзгөчө органдардын укук милдеттерин аныктайт.

Юридикалык жоопкерчилик термини юридикалык мааниде субъект тарабынан аныкталган аракеттерди иш жүзүнө ашырууга, мүлктүк мүнөздөгүү чектөөлөргө дуушар болуу милдетин камтыйт (айыпты төлөө, конфискациялоо, келтирилген зыянды төлөө), жеке мүнөздөгү (эркиндиктен ажыратуу, аныкталган чектөөлөрдүү башынан өткөрүү милдети).

Жоопкерчилик укуктук мамилеси жазаны ишке ашыруу баскычында аякталат [4, 40-б.].

Кылмыш-жаза жоопкерчилиги юридикалык жоопкерчилик өнүгүүчү материалдык укуктук мамиле катары караган үч баскычтан турат:

1) калыптануу;
2) конкреттештирүү;
3) иш жүзүнө ашыруу.

Калыптануу баскычында кылмыш укук бузуудан башталып кылмышты алдын ала тергөө, ишти сотко чейин кароо, кылмыш ишин соттук кароо менен жүзөгө ашырылат.

Конкреттештирүү стадиясында жаза берүү же андан бошотуу ченем кабыл алынат.

Жүзөгө ашыруу баскычында жаза берүү актысы боюнча жектөө таасири иш жүзүнө ашырылат.

Мындан келип чыккандай кылмыш жаза жоопкерчилиги кылмыш жаза мыйзамында каралган, коомго коркунучтуу, күнөөлүү, жазалануучу жосунду жасоо саналат.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын жоруктар жөнүндө кодекси 2017-жылдын 1-февралы №18 (КР 2017-жылдын 24-январындагы №10 Мыйзамы менен 2019-жылдын 1-январынан колдонууга киргизилген).
2. Малеин Н.С. Неотвратимость и индивидуализация ответственности // Советское государство и право. 1982. - №11. - С. 52.
3. Смирнов Г. Свобода и ответственность личности. Коммунист, 1966. - №14. - С. 62
4. Черданцев А.Ф., Кожевников С.Н. О понятии и содержании юридической ответственности: Правоведение. - 1976. - №5. - С. 40.


**Рецензент: к.ю.н., доцент Маматазизова Э.К.**